№4 Октябрь
2008-жыл

# АЙЫЛ ажары

*Дайыма карама-каршылыгыбызды ачык билдиргенде гана алдыга жылабыз*

# Кайберендерге кыргыз тоолорунан орун калбай бара жатабы?















Жайыт чет элдиктин көзү менен

Бернд ШТЕЙМАН

# “Эч ким менин жеримдин чектери менен эсептешпейт”



## Кыргызстандын жайыттарындагы койчулар менен алтын казуучулардын ортосундагы кагышуулар



**Жайыттар Кыргыз Республикасынын эң эле маанилүү ресурстарынын катарына кирет. Жер жерлерде аларды ижарага алууну көзөмөлдөөгө мамлекеттин каражаты же эрки жетпей турган учур. Мындай абал койчуларга кандайдыр бир эркиндик берип, ошол эле убакта алтын чыккан жерлердеги көптөгөн алтын казуучулар менен болгон пикир келишпестиктер уланып келет.**

...Өрөөндү булуттар басып калды. Жакырланып калган жайыттарда чучукка жеткен ызгардуу шамал суукка көнүп калган койчуларды да тондорунун жакаларын өйдө көтөрүп, беттерин калкалаганга аргасыз кылат. Сууктан коргонуп, чабандын чакан үйүнө жылынууга туура келет. Эми ушул үйдүн маңдайында көзгө чоочун көрүнгөн куруучулардын вагончосу менен үч экскаватор турат. Машиналар кытай фирмасына таандык. Бул фирма өрөөндүн ылдый жагында, суу



аккан жерде алтын өндүрөт. Кышка карата жумушчулар Кытайга кетишкен, ошондуктан машиналары жумушсуз турат.

### Мыйзамдуулуктун чегин бузуп-бузбай турган учур

Чакан үйдүн жылуу бөлмөсүндө Жумабек Жапаров (аты өзгөртүлдү – автор) чай ичип олтурат. Чабан үй-бүлөсү менен жыл бою айылга караштуу жазгы жайыттарда деңиз деңгээлинен 2600 метр бийиктикте жашайт. “Кытайлыктар алтын каза баштагандан тартып, малым ылдый жактагы суудан суу ичпей калды,” – деп Жумабек кейип отурат. Суу анын үйүнөн 100 метр алыстыкта агат. Колот менен Жумабектин үйүнүн ортосунда резервуар (суу сактоочу жай) курулуп, суу ошол жакка бурулган. Бул жердеги табиятка болгон терс таасир өтө көлөмдүү жана суунун нугу менен четтелбей, айлана-чөйрөгө таасир этүүдө. Алтын казуучуларга наалазы болуп, арыздангандардын арасында Жапаров эле эмес. Айылда бир нече жылдардан бери жайыттарда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн чет өлкөлүк фирмаларга карата нааразычылык өсүүдө. Кыргызстандын башка аймактарында иштеген фирмалардай эле бул фирма да ишмердүүлүгүн мыйзамдуулуктун чегинен ашып-ашпай жүргүзүүдө жана эң эле арзан ыкма менен алтын казууга кызыктар. Жергиликтүү калктын көбү малчылык менен алектенип, жайыттарга көз каранды. Бирок азыркы кезге чейин ошол жайыттардагы абал өзгөрүүсүз. Себептер түрдүү, алардын арасында чоңдордун паракорлугу же жердештик гана эмес, башка себептер да бар. Бүгүнкү күндөгү ижара чабандардын түрдүү көз караштарын жаратууда.

### Ижарага алуу маселелери

1991-жылдын тартып Кыргызстан эгемендүү мамлекет болуп, борборлоштуруудан баш тартуу жана менчиктештирүү боюнча көптөгөн реформалардыөткөрдү.90-жылдары мамлекеттик жана кооперативдик айыл чарбалык ишканалар менчиктештирилген. Талаалар, мал, мал сарайлары, жабдуулар ишканаларда иштегендерге бөлүштүрүлгөн. Экономикасы малчылыкка негизделген республикада тоолуу аймактын эң эле маанилүү ресурсу болгон жайыттар мамлекеттик менчик болуп кала берген. Бай малчыларга жердин бардыгын сатып жибербеш үчүн, ижара системасы иштелип чыгып, турмушка ашырылган.

10 жылдан бери малчыларга жайыттарды кыска мөөнөткө - 5-7 жылга же узак мөөнөткө – 49 жылга чейин ижарага алууга уруксат берилген. Көптөгөн облустарда бул эреже теория түрүндө гана иштейт. Анткени айылдыктар учурдагы административдик бөгөттөрдөн өтө алышпайт. Түрдүү мамлекеттик деңгээлдердин арасында теңдикти сактоо үчүн, жайыттар категориялар жана аларды колдонуу түрү боюнча бөлүштүрүлгөн. Айыл өкмөтү жакынкы жайыттарга карата көзөмөл жүргүзсө, жазгы жана күзгү жайыттар үчүн район жоопкерчиликтүү. Облус бийик жайлоолордо жайгаш-

Уландысы 15-бетте

*Башталышы 14-бетте*

кан жайыттарды башкарат. Азыркы кезде мыйзамга ылайык малын жая тургандар, көптөгөн бири биринен алыс турган инстанциялардын бардыгын кыдырып өтүш керек.

Койчулардын көбү ижара келишимине кол коюдан качышат, анткени бул кымбатка турган иш. Айыл башкармалыктары аларга жүктөлгөн иштен баш көтөрбөйт, айрымдарынын жайыттарынын топографиялык карталары жок. Облустук же райондук башкармалык деңгээлинде ижара системасын турмушка ашыруу үчүн жооптуу адамды табуу өтө кыйын. Жайыттардын мамлекеттик башкармалыгынын жетиштүү каражаттары жок.

Сатар Өмүркулов башкармалыктарда иштегендерден өзгөчөлөнүп турат. Күрмө, жылуу тумак кийип, өзүнүн от жагылбаган караңгы офисинде олтуруп, өткөн заманды тамшанып эстейт: - “Советтер Союзу убагында ар бир кызматчынын машинеси болгон. Биз облустагы бардык жайыттарды көзөмөлдөп турчубуз. Биз уйдун жампасын да эсепке ала тургандай кудуретибиз бар эле! Азыркы күндө биздин болгону бир машинебиз бар, бизди тээ-тетиги Бишкекте отурган директор башкарат. Азыркы кезде биз койчулардын келишимдери бар-жогун кантип текшеришибиз керек?” -дейт. Эгерде жайыттар жөнүндөгү мыйзамды бузгандык үчүн айып акы төлөтүү каралса да, алар көпчүлүк учурда төлөнбөйт. Ошондуктан, чын чынына келгенде, жайыттарды ижарага алуу муктаждыгы да жок.



### Чабандардын түрдүү пикирлери

Ижара келишими айрым гана чабандарда бар болушу анча деле таң калтырбайт. Чабандардын көпчүлүгү жайыттарды эркин жаткан жер катары эсептешип, каалаган жагына малын жаят. Малынын бары-төлөй турган жайыттарды пайдалануу салыгы көптөр үчүн жетиштүү чара катары кабыл алынат. Анын үстүндө жайыттарды ижарага алуу үчүн керектүү документтерди чогултуу чыгымдар жагынан айрым учурларда ижаранын акысынан ашып түшөт. Бул айылдарда кагышууларга алып келет. Анткени 90-жылдардын орто ченindeги келишимдер жетүүгө жеңил болгон жазгы жайыттарга гана тиешелүү. Тактап айтканда, 24000 гектар аянтты түзгөн жазгы жайыттардын төрттөн бир бөлүгү гана ижарага алынган. Суунун жана жолдун боюндагы жакшы жерлер ээленип калган жана көздүн карегиндей сакталат. Апрель же май айында малын жайлоого айдаган адам ар дайым бирөө ижарага алган жерден малын айдап өтөт. Жумабек Жапаровдун жайыты буга мисал.

Чабандын колунда келишим турат, бирок бул келишим ага кыйратып пайда келтирген жок. “Бул жакта эч ким менин жеримдин чеги менен эсептешпейт. Эл малын жазында менин жериме айдап чыгат. Буга каршы эч нерсе кыла албайсың, көпчүлүк деген көпчүлүк!”-дейт, Жумабек Жапаров.Чырдашча келишимин көтөрүп чыккан жок. Башка чабандар тескерисинче, өздөрүнүн укуктары үчүн коркпой-үркпөй эле күрөшүшөт. Жалпысынан алганда, койчулар алтын казгандардан укуктарын талаша алышпайт, анткени алар жайыттарды ким жана кантип пайдаланышы керек деген маселе боюнча бир пикирге келише элек.

Чабандын колунда келишим турат, бирок бул келишим ага кыйратып пайда келтирген жок. “Бул жакта эч ким менин жеримдин чеги менен эсептешпейт. Эл малын жазында менин жериме айдап чыгат. Буга каршы эч нерсе кыла албайсың, көпчүлүк деген көпчүлүк!”-дейт, Жумабек Жапаров. Жалпысынан алганда, койчулар алтын казгандардан укуктарын талаша алышпайт, анткени алар жайыттарды ким жана кантип пайдаланышы керек деген маселе боюнча бир пикирге келише элек.



Айыл кеңеши үчүн ижара маселеси – узак убакыттан бери жүрөктү өйүткөн маселе. “Мүмкүнчүлүк пайда болсо эле, биз бул жазгы жайыттарды ижарага берүүнү токтотобуз”, -дейт айыл кеңешинин өкүлү Алыбек Жолдошев (аты өзгөрүлгөн – автор ) – Айрым адамдар жүздөн ашык гектар жайытты ээлеп алса жакшы болбойт. Ижарага алуу келишимдеринин көбүнүн мөөнөтү жакында аяктайт. Ошондуктан Жолдошев мындай кырдаалды жайыттарды кайрадан бардык айылдыктар үчүн жалпы кылууга берилген мүмкүнчүлүк катары эсептейт. Бул ишти турмушка ашырыш үчүн жамаатка жайыттарды башкаруу укугун берген мыйзамдагы өзгөрүүлөр талап кылынат. Мына ушундай өзгөрүүлөрдүн долбоору бир жылдан ашык убакыт борбордогу ведомстволор кабинеттеринде кыймылсыз жатат. Ички саясий келишпестиктерден ушул күнгө чейин ревизия өткөрүлө элек. Ижара маселелери менен бирге алтын казуучулар маселеси эл менен мамлекетти бири биринен алыстатууда .

Бул айылда мамлекет жайыттарды кандайча пайдалана алары жөнүндө пикирлер ар түрдүү. Бирөөлөр кыргыз үй-бүлөлөр салык төлөп жаткан жерлерди чет өлкөлүк фирмалар казууга эч кандай укугу жок деп эсептесе, башкалар мамлекет өз ресурстарын каалагандай пайдалана алат деп эсептешет. Бирок элдин көбү кытайлыктар уруксатсыз иштеп жатат деген ойдо. Алтын казуучулар башында облустук жетекчилерден изилдөөлөрдү өткөрүү уруксатын гана алышкан, бирок ошол уруксат менен аймакта коммерциялык алтын казууну дароо эле жүргүзө баштапкан.

*Уландысы 18-бетте*

# “Эч ким менин жеримдин чектери менен эсептешпейт”

**Бернд ШТЕЙМАН**



*Башталышы 14, 15-беттерде*

Айылдардын жана облустун өкүлдөрү кытайлыктарга алардын ишмердиги мыйзамсыз түрдө өтүп жаткандыгы жөнүндө эскертүү үчүн эки жолу келип, кырдаалды өзгөртө алышкан жок.

### Кеңири тараган ишенбөөчүлүк

Элдин көбү ведомстволор майда кен казуу жүргүзүлүп жаткан жерлердеги иштерди милициянын жардамы менен эле токтотсо болот эле деген ойдо. Бул иштер эки тараптын ортосунда мыйзамсыз түрдө чечилип жүрөт деп айылдыктар эсептешет.

Мисал үчүн айта кетсек, жакынкы бир айылда (аты жазылган жок) иштеп жаткан кен казуучулар жергиликтүү жамааттын башчысынын оозун майлаганы келип кетишти. Салт боюнча кымбат белектерди унутпай ала келишти. Айылдыктардын оозун басыш үчүн, жамаатка 100 000 сом, козу берилген. Бирок аксакалдар жамааттын башчысына өздөрүнүн наразычылыгын билдиришти. Айыл башчылары айылдыктардын ишенчинен чыгып калды.

Ушул кезге чейин эч ким сотко кайрылбаганы таң калыштуу эмес. Анткени Кыргызстанда укуктук маданият анча өнүгө элек. Паракорлукка каршы иштеп жаткан “Transparency International” эл аралык уюмунун акыркы иш баянында Кыргызстан изилденген 163 өлкөнүн арасынан паракорлуктун күч алышы боюнча 143 орунду ээледи.

Өткөн жылдын апрель айында малчылар жайыттардын пайдалануучулары ассоциациясына биригишти. Алардын максаты – жалпы бирдиктүү стратегияны иштеп чыгуу. Бул ассоциация өз ишмердигин өнүгүүнү уюштуруу демилгесинин негизинде жүргүзүүдө. Ассоциацияда жазгы жайыттарды ижарага алган койчулардын өкүлдөрү жок, алар өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын көздөөдө. Келечекте маселелерди натыйжалуу чечиш үчүн бул топ ачыгыраак болууга тийиш. Эл аралык инвесторлор койчулар түрдүү максаттарды көздөгөндүгүн белгилешет. Нарын облусунда жашаган койчу Жумабек Жапаров өзүнө кирешенин жаңы булагын тапты – ал жаз башталганча, кытайлардын автопаркын кайтарып, айлык алат.

**Материал NCCR “Түндүк-Түштүк” “CAMP Алатоо” КФ тарабынан даярдалып, автордун уруксаты берилип басылды. (ушул материал боюнча суроолор пайда болсо, Алма Карсымбекке,“CAMP Алатоо” фондуна кайрылыңыз, тел. 00996312 540573, alma@camp.elcat.kg )**

# Генетикалык жактан өзгөртүлгөн продукциялардын Кыргызстанга кирүүсүнө чек коюууга болобу?

*Башталышы 16-бетте*

Кыргызстан өзүнүн атуулдарынын коопсуздугун камсыз кылышы керек. Ал үчүн Европалык стандартка таянып, мындай продукцияларды жалпы продукциялардын 0,9 пайызынан ашырбаш керек. Россия да ушул шартты карманып баштады.

**- Мындай продукциялардын көбөйүп кетпеши үчүн дагы кандай амалдарды колдонуу керек?**

- Укуктук жактан чектөөлөргө аракет көрүү керек. Биз бүгүн текшерүүлөрдү бекер жүргүзөбүз. Бизге продукцияларын текшерүүгө алып келгенге даяр өндүрүшчүлөр деле аз. Ишкерлердин жеке кызыкчылыгы алдыга чыгып, жалпы адамдардын ден-соолук коопсуздугу артка калып жатат. Генетикалык жактан өзгөртүлгөн продукцияларды өндүрүүчүлөр сөссүз түрдө өздөрүнүн маркасын коюшу керек. Ошондо гана керектөөчүлөр экологиялык жактан таза продукциялар менен генетикалык жактан өзгөртүлгөн продукцияларды айырмалап каалаганын алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Экинчиден Генетикалык жактан өзгөртүлгөн продукциялардын баасы арзан болушу керек. Сырттан келген товарларга текшерүү болушу зарыл. Азырынча кээ бир өнүккөн мамлекеттер мындай товарларга тыюуу салгандай экономикалык мүмкүнчүлүк бизде жок. Аларды азайтып чектөөгө болот. Бизде бул продукцияларды аныктаган бир гана аппарат бар. Мындай аппаратты эл аралык донорлор 60 миң долларга алып беришкен. Азырынча биздин мамлекет бул тармакта изилдөөлөрдү жүргүзүүгө каражат бөлө элек. Андыктан мындай продукциялардын сырттан кирүүсүнө мамлекетибиздин көзөмөл кылуусу жакынкы аралыкта ишке ашат деп айтуу кыйын.

**Маек 24.kg агенттигинен алынды**

